КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) V сессиясы**

**Токтом №01-5/ 35**

Сүлүктү шаары

16.06. 2025-жыл

**Сабурова Убадат Бороковнанын ысмын Маданият IT борборуна ыйгарууга макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 2025-жылдын 12-июнундагы №01-7/1661 сандуу Сүлүктү шаардык маданият бөлүмүндө үзүрлүү эмгектенген, Сүлүктү шаарынын "Ардактуу атуулу" Сабурова Убадат Бороковнанын ысмын Маданият IT борборуна ыйгарууга макулдук берүү жөнүндөгү каты тууралуу шаардык кеңештин мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын эске алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.05.2025ж. №244 токтомуна жана "Сүлүктү шаарынын жамаатынын жергиликтүү сыйлыктарын ыйгаруу боюнча Жобосуна" ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык маданият бөлүмүндө үзүрлүү эмгектенген, Сүлүктү шаарынын "Ардактуу атуулу" Сабурова Убадат Бороковнанын ысмын Маданият IT борборуна ыйгарууга макулдук берилсин

2. Сабурова Убадат Бороковнанын ысмын Сүлүктү шаарындагы жаңыдан бүтүп жаткан Маданият IT борборуна ыйгаруу процедураларын тийиштүү мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүүсүн камсыз кылуу жагы шаардын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго милдеттендирилсин

1. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаардык кеңешинин "Мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А. Абдуназаров